**Жакып Өмүралиев атындагы орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысынын 2021-2022-окуу жылында аткарылган иштери боюнча анализ отчету**


| Багыттары | Аткарылуучу иштер | Аткарылган иштердин жыйынтыгы |
|---|---|---|
| | | |
| **Мектептин иш-кагаздары** | -Окуу-тарбия иштери боюнча жылдык, айлык пландарды бекиттирүү<br>-Сабактын ирээти<br>-<br><br>- Өндүрүштүк пландардын учурдун талабына ылайык жазылышы, окуу планынын аткарылышы<br><br>- Күндөлүк сабактардын пландар жазылышы бекитилиши.<br><br>Мектептин ички дежурство өткөрүү иши. | 2021-2022-окуу жылына карата окуу-тарбия ишин уюштурууда жылдык , айлык пландар түзүлүп бекитилип ага карата иштер жүргүзүлдү.<br>Класстардын сабактарынын түзүмү түзүлүп, бекитилген боюнча сабактар үзгүлтүксүз өтүлүп жатты.<br><br>Жалпы мектеп окуучулары 113\ 56 жана даярдоо классы 13\6 болуп, 129\62 ни түзөт.<br><br>2021-2022-окуу жылына карата мугалимдердин сааттык жүктөмдөрү укомплектованиеде каралып, тарифкациялык тизмеден 21 мугалим өтүп, алардан жогорку билимдүү: 14, жогорку билимдүү бакалавр: 5, бүтпөгөн жогорку бакалавр: 2 мугалим өтүшкөн<br>Окуу планын аткаруу максатында сааттар толугу менен өтүлүп, анализденди.<br><br>Күндөлүк сабактардын пландарынын жазылышы жакшы. Өз учурунда жазып бекитишти. Компетенттүүлүк, предметтик компетенттүүлүк колдонуп жазышат. Жалпысынан 5 жылга чейинки стажылуу жаш мугалимдер убагы менен конспектилерин талапка ылайык жазып, конспектилер үчүн бокс файлдарга салышты.<br><br>Дежурство боюнча бардык мугалимдер ишин так аткарышты. Убагында мектепте ички тартип иштери жүргүзүлдү. Эмгек тартиби сакталды, одоно тартип бузуулар жок |


| | | |
|---|---|---|
| Жаш мугалимдер менен иштөө<br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br><br>Ийрим иштери | - Насаатчы мугалимдердин жаш мугалимдер менен иш алып баруусу<br><br><br><br>Өткөрүлгөн иш-чаралар : | Мектепте жаш мугалимдерге усулдук жардам көрсөтүү максатында насаатчыларга бекитилип берилген жана иш-пландары түзүлүп, файлдар уюштурулган. Ага ылайык быйылкы жылда конкурс уюштурулуп, жобого ылайык мыкты иштерди аткарышып жыйынтыгы чыгарылып мыктылар аныкталды.<br>Насаатчы жаш мугалимдер менен бирдикте интеграцияланган сабактарды, ата энелер менен ар кандай формадагы иштерди, үлгүлүү ачык сабактарды оригиналдуу көрсөтмө куралдарды колдонуп өтүшү.<br><br><br> |

| | | |
|---|---|---|
| Усулдук иштер | «Байчечекей» усулдук бирикмесинин декадасы | Жыйынтыгында: Баш байгени физика мугалими Акылбекова А, 1-орун башталгыч класстын мугалими Арзымова , 2-орунду орус тили мугалими Кадырова Ж, 3-орунду тарых мугалими Шаршеев А ээлешип кызыктыруучу белектер, грамоталар менен сыйланышты.<br><br>5 Усулдук бирикме иштеп , УК менен бирдикте иш-пландар 5 бөлүк боюнча түзүлдү. Жоболор бекитилген. Тарбиялык сааттарга, предметтик сабактардан жылы бою көрсотмөлүү ачык сабактар, ар тараптуу иш-чаралар, ата-энелер менен иштоо сыяктуу алдынкы чыгармачылык иштер отүлүп, тажрыйба алмашуулар болуп турду.<br>Убагы менен усулдук бирикмелердин декадасы жарыяланып, бурч уюштурулуп, конкурстар жарыяланды , ачык сабактар, тарбиялык сабактар, кечелер ж.б. откөрүлдү.<br> |
| Ийрим иштери | | Акы төлөнгөн 2ийрим дене тарбия жана англис тили жана акы төлөнбөгөн интеграцияланган 5 ийрим бар иш пландары түзүлүп, отүү убагы бекитилген. Ийримдин алкагында көптөгөн окуучулар арасында футбол, волейбол оюндарынан мелдештер уюштурулуп алдыңкы орундарды камсыз |

| | | |
|---|---|---|
| | |  кылышты. Жумалыктар откөрүлүп турду. |
| Методика-лык сааттарды өтүү | Усулдук жардам көрсөтүү | Мугалимдерге усулдук жаржам көрсөтүү, тажрыйба алмашуу максатында бирикмелер арасында конкурс уюштурулуп, көптөгөн сабактар,. Метод сабактар өткөрүлдү. Ар бирине анализдер берилип турду   |
| Башталгыч класстардын мугалимдери менен иштөө | _ «Окуу керемет» долбоору | Башталгыч класста жалпысы 4 мугалим эмгектенип быйылкы окуу жылында алгылыктуу жакшы иштерди аткарышты. «Окуу керемет» долбоору менен иштеп, семинарларына катышып, практика жүзүндө окуучуларга мыкты сабактар өтүп келет. |

| | | |
|---|---|---|
| | | <br>Байкоо жүргүзүү убагында жакшы сабактар өтүлдү. Жетекчилик тарабына 2-4-класстарга тест жүргүзүлүп, окуучулар активдүүлүгүн көрсөтүштү. « 23-апрель Бүткүл дүйнөлүк китеп жана автордук укук күнүнө карата Касаева Ж 4-класска ачык сабак өттү.<br> |
| Мониторинг жүргүзүү | -Предметтер-дин өтүлүш сапатына<br><br>-Башталгыч класстын билим сапаты<br>-«Окуу керемет» боюнча байкоо жүргүзүү | Жыл башында тест борборунун алкагында ар бир предметтен тесттер алынып, анын негизинде окуучулардан тест алынды жыйынтыгында учурдагы пандемиянын залакасы терс таасирин тийгизбей койгон жок. Окуучулардын билим сапаты төмөндөдү. Кайрадан офлайн режимде жөнгө салуу колго алынды Жалпы 38%түздү<br>Башталгыч класстарда окуу темпи, текшерүү иш , жат жазуу, тесттер алынып 65%ти түздү |
| Сабактарга байкоо | -Ачык сабактар | Пландалган графикке ылайык убагында сабактар өтүлдү. |

| | | |
|---|---|---|
| жүргүзүү | -күнүмдүк сабатарга катышуу |   |
| Ата-энелер мене ниш жүргүзүү<br><br>Окуу керемет! Долбоору нун алкагында лагерь уюштуруу | _Энелер мектеби | Ата-энелер менен бирдикте тренингдер, сабактар, мелештер өтүлүп мыкты кайтарым байланышы бар ата-энелерге ыраазычылык   каттар берилип , жыйынтык чыгарылды<br><br>2022-жылдын 8-18-июнь аралыгына уюштурулуп, 2 окуучу тартылып жогорку деңгээлде иш жүргүзүлүп жатат.     |
| | | |

| | | |
|---|---|---|
| Олимпиада боюнча маалымат | | 2021-2022-окуу жылында кыргыз тили сабагынан Сүйүнбек кызы А, Талантбекова Малика география, Алмазбек кызы Нурпери математика сабагынан райондук олимпиадага катышып келишти. Тилекке каршы алдынкы орундарга жетишe албай калдык.<br>Буюрса келээрки окуу жылына койгон максатыбыз облустук, республикалык олимпиадага жолдомо алуу, катышуу. |
| «Жыл мугалими-2022» конкурсуна катышуу | | География мугалими Бапанова Кундуз 1-турунан жогорку бал менен 2-турга жолдомо алып, 2-турга катышып, активдүү катышуучу болду.<br> |
| **2022-2023-окуу жылына койгон милдеттер** | | -Окуучулардын билим сапатын көтөрүү;<br>-Алтын тамгага окуучуларды катыштыруу;<br>**-Олимпиададан облустук, республикалык турга жолдомо алуу, орун камсыз кылуу;**<br>- Ийримдердин ишин жакшыртуу, ар тараптуу таланттуу окуучулар мене н иш-алып баруу;<br>-ЖРТга окуучуларды даярдоого мектепте курстарды ачуу ж.б. |

Окуу бөлүмүнүн башчысы: А. Нааматова